## 2013-жылдын 24-майындагы № 80 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

# «Кыргыз Республикасынын жарандарынын бирдиктүү салык декларациясын берүүсүнө даярдык көрүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

2013-жылдын 18-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** «Кыргыз Республикасынын жарандарынын бирдиктүү салык декларациясын берүүсүнө даярдык көрүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2010-ж., № 2, 83-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** Мыйзамдын бүткүл тексти боюнча «2009-жылдын 31-декабрын» деген цифралар жана сөздөр «2012-жылдын 31-декабрын» деген цифраларга жана сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** 5-беренеде «2010-жылдын 1-мартынан баштап 2010-жылдын 1-июлун кошо алгандагы» деген цифралар жана сөздөр «2013-жылдын 1-июлунан баштап 2013-жылдын 31-декабрын кошо алгандагы» деген цифраларга жана сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене**. «Кыргыз Республикасынын жарандарынын бирдиктүү салык декларациясын берүүсүнө даярдык көрүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 1-июлундагы УӨ № 90 Мыйзамынын колдонулушун токтотуу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Декрети күчүн жоготту деп таанылсын («Эркин-Тоо» газетасына тиркеме «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик актылары», 2010-ж., 30-июль, № 13-14 (370-371).

**3-берене**. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

бир айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;

үч айлык мөөнөттө салык төлөөчүлөрдүн чыгымдарын көзөмөлдөөнүн негизинде салыктык администрациялоону жүзөгө ашырууга багытталган жол жоболорду иштеп чыксын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**